# Жүрөгүмө

Жаңылба, оюңду кой "жакпайм" деген,
Жашоодо сага сүйүүм сактай берем
. Ортодо сүйүү баркы кетпесин деп,
Оо, сулуу, сүйөм бирок айтпай келем.

кайырма:

А мени адам дебе "тоготпогон",
Адам жок жан дүйнөсүн тонотпогон.
А билсең менде сендик сезимдер бар,
Ар кызды жан дүйнөмө жолотпогон.

2-куплет

Жакшы кыз "дүйнөңүз тар батпайм" дебе
Жар салып сүйөмүн деп айтпайм неге:
Жан дүйнөм сүйүп турса, а сен менин
Жасалма сыртым көрүп жакпайм дебе...

Кайырма :

3-куплет

Сандаган оюң арсыз, аның жаман,
Сай сөөгүм кызып оттой жалындаган.
Садагам билсең эгер жалгыз сени,
Саатымда бир секунд жок сагынбаган.